КАРАЛДЫ
Педагогикалык кеңеш
№ 1 ПРОТОКОЛ
24.08 2022-ж

БЕКИТЕМИН
№82 жалпы билим берүү
орто мектебинин директору
Исраилова А. Н.
2022-жыл

**№82 жалпы билим берүү орто мектебинин укук коргоо органдары менен кызматташуу жөнүндө**

**жобо**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо №82 жалпы билим берүү орто мектебинин укук коргоо органдары менен өз ара иштөө тартибин жана укук бузууну алдын алуу боюнча тараптардын милдеттерин жана укугун аныктайт;

1.2.Иштин максаты:

- коррупцияны жана укук бузууну пайда кылган себептерди жана шарттарды аныктоо жана четтетүү;
- №82 жалпы билим берүү орто мектебиндеги укук бузууларды, тобокелдиктерди азайтуу;
- коррупцияга каршы үгүттөө жана билим берүү;
- мектептин ишин өнүктүрүү максатында, коррупцияга каршы күрөшүү маселелери боюнча укук коргоо органдары менен кызматташууну уюштуруу;

1.3. Мектептин кызматкерлерине коррупциялык жана укук бузуу маселелери боюнча укук коргоо органдары тарабынан маалымат берүүнү уюштуруу жана мониторинг жүргүзүү үчүн бирдиктүү тутумду түзүү;

1.4.Тараптар өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде ишке ашырышат.

1.5. Бул жобо билим берүү мекемесинин буйругу менен бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.

**2. Өз ара кызматташуунун тартиби**

2.1. №82 жалпы билим берүү орто мектеби тиешелүү укук коргоо органдарына мектеп ичиндеги кызматкерлерге жана окуучуларга байланыштуу укук бузууларды жана коррупциялык иштер жасалгандыгы белгилүү болгондо ал боюнча кабарлоо милдетин өзүнө алат.

2.2. №82 жалпы билим берүү орто мектебинин жетекчилиги жана анын кызматкерлер укук бузуулар жөнүндө маалыматтарды камтыган документтерди жана малыматтарды укук коргоо органдарына өткөрүп берүүгө жана укук корго органдары тарабынан аныктоону жана иликтөөнү колдоого милдеттенет.

**3. Өз ара кызматташуунун формалары**

31. Мектептин окуучуларынын, кызматкерлеринин арасында укук бузуунун алдын алуу каршы күрөшүү маселелери боюнча көзөмөлдөө жана укук коргоо органынын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө жардам көрсөтүү.

3.2. Укук коргоо органдарынын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө жардам көрсету. коррупцияны басуу же терген чараларын жүргүзүүдө мектептеги укук бузууну, кылмыштуулукту алдын-алуу, анын ичинде ыкчам-изилдөө иш-аракеттерин жүргүзүүгө көмөктөшүү.

Сканировано с CamScanner

**4. Өзгөртүү киргизүү.**

4.1. Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү укук коргоо органдарынын макулдугу билим берүү уюмунун чеими аркылуу жүргүзүлөт.

Сканировано с CamScanner